Каралаев.
Семетей
(Канышкейдин букарга
качышынын башы.)

N. 104

Орг. ордуна (инв. № 104) (24, 925)
203-бет.
Жазган Ирисов Жунуше

1.

## КАНЫКЕЙ АРМАНЫН АЙТЫП ЖЕР МЕНЕН КОШТОШКОНУ

Кайра айланып келгиче,
Кайра ~~Талас~~ жузун көргүче,
Сурап ичсе тойбогон ,
Суталагын койбогон,
Карангыда айдаса,
Кабылан сындуу жойлогон,
Өлүмдөн кайра тартпаган,
Ажалдан кайра кайтпаган,
Кайран бир кыргыз,эсен бол!
Кесек иттер Кенколдун чачып көчүмдү,
Катындыгы курусун,
Кагылайын жасаган,
Канкорумдан айрылып,
Алалбай ~~ж~~ барам өчүмдү,
Кесек кулдар Кенколдон
Талап алып зарымды.
Жанымы жапаа салган соң,
Иттерден алалбай кеттим дартымды.
Казкалдак деген кайран куш,
Кайрылып учат "талаа"-деп,
Канчалык кордук мен көрдүм,
Карындан чыккан "бала"-деп.
Кулаалы деген курган куш,
Куюлуп учат талаа-деп,
Курчашкан тууган жогунан,
Курул барам ~~мен эми~~ кудай ай,
Курсактан чыккан "бала" деп!..

~~х Эки сап ыр маани бербейт. №544,~~

Кабырга сөөгү сөгүлүп,
Качмакчы болду энекең
Көзүнүн жашы төгүлүп.
Ошондо, Көзүнүн жашын арта албай,
Мурдунун суусун тарта албай,
Адырмак басып корголоп,
Капталдан аккан кара кан
1890. Маасысы ылдый шорголоп,
Талыгып ыйлап чыркырап,
Басайын десе энеңдин
Сай-сөөгү жаман зыркырап.
Чаалыгып чарчап баса албай,
Өлөйүн десе өлө албай,
Береки кысталак жанды кыя албай,
Белести бейлеп* кече албай,
Энекең белгилүү жерге жете албай,
Талыгып башка түн түшүп,
1900 Энекең Таласты таштап кете албай;
4 Түгөнгөн тоонун урчукта,
Түз болгон тоонун тумшукта,
Кең Ак-Чийдин бетинде,
Таластын быяк четинде,
Кан Манастын коргончо,
Коргончого барайын,
Кол беришкен төрөмө,
Курган жан тегеренип калайын.
Арбагы артык шер эле
1910 Бир белгисин алайын.

3.

Бир белгиси жок болсо,
~~Эми эле~~ өлүп калайын!..
~~Өөн~~ төрөм, кол бергин
Кокуй күн төрөм, жол бергин
Кордук түштү куу жанга,
Кара бетке жол бергин.
Бек арстандан айрылып,
Төркүнүм кездей кетемби.
Толкуган Талас жеримди,
Толгон бир кыргыз элимди,
Таштап ~~эми~~ кетемби!
Бел байлаган белимден
Чын айрылып каламбы,
Белгилүү кыргыз элимден.
Шамалы кагып жел тийген
Желдей байкуш бар бекен?
Жетигинен айрылып,
Желип качып жөө качкан,
Мендей байкуш бар бекен!
Жесирлик түшүп башына,
Өксөгөн менче бар бекен?!
Баана кылып Букарды,
Басып чыктым Таластан
Тентиген менче бар бекен!?
Ар уруу түрдүү кейнөгүм
Тартсам жетпейт мойнума,
Талыктырбай аташкан,

4.

Көк жалым, тарта жатсаң койнуңа.
Ордомду итке буздуруп,
Талаанды көрдүм жаманат,
~~Оодарып бузган кылымды~~,
Ойронум төрөм ала жат.
Адырда жылкың ала баш,
Аргымак,буудан аралаш,
Ага-ини тууган баары кас,
Арканда эркек бала жаш
Азапка салбай жанымды,
Калат күн, төрөм ала жат.
Тоодогу жылкың ала баш,
Тобурчак, буудан аралаш,
Томсортпой журтту күтүүчү
Арканда эркек балаң жаш.
Алдырып салдым иттерге
Асылым туйгун ала жат.
Кабылан алтынды жыйган сен болдуң,
Азабын тарткан мен болдум.
Күмүштү жыйган сен болдуң,
Күнүн көрдү алты арам,
Күйүтүн тарткан мен болдум.
Жапаны көрүп жабылдым,
Жарык күнүм түн болуп,
Төркүндү көздөй камыктым.
Кара-Буура Чаткалым,
Калың кыргыз эсен бол,
Кайкалап барын жатканың.